Долбоор

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттерин жүктөө жөнүндө

Кыргыз Республикасында инновациялык ишти өнүктүрүү максатында, “Инновациялык иш жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, “Илим жөнүндө жана мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын негиздери тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Мамлекеттик инновациялык фонддун иш-милдеттери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондуна жүктөлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги инновациялык долбоорлорду каржылоо үчүн жыл сайын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондуна илимди каржылоого бөлүнгөн каражаттын жалпы көлөмүнөн 5% бөлсүн.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

4. Күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 27-январындагы № 28 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик инновациялык фонду жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 30-июну № 396 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө токтому.

5. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө, финансы жана кредит саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

6. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар
Мамлекеттик кызматынын төрагасы ____________________________________Д.Молдошева
«___»____________2020-жыл
Укук башкармалыгынын башчысы______________________________А.Аттокурова
«___»____________2020-жыл

**Кыргыз Республикасынын**
**Премьер-министри** **М.Д. Абылгазиев**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар
Мамлекеттик кызматынын төрагасы ___________________________________________Д.Молдошева
«___»_____________2020-жыл
Укук башкармалыгынын башчысы___________________________________А.Аттокурова
«___»_____________2020-жыл